**БЕКИТЕМ**

А.Ж. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин илимий иштер боюнча проректору, биология илимдеринин кандидаты

Абсатаров Равшанбек Ракманалиевич

____________________

«15» сентябрь 2023-ж.

Асаналиева Мээргүл Максуталиевнанын «Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун илимий-дидактикалык шарттары» деген темада 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

## РАСМИЙ ПИКИРИ

**Илимий жетекчи** - педагогика илимдеринин доктору, профессор Сакиева Сайипжамал Салайдиновна

Иш Ош мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн тилдеринин, адабиятынын теориясы жана методикасы кафедрасында аткарылган.

**1. Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Асаналиева Мээргүл Максуталиевнанын «Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун илимий-дидактикалык шарттары» деген темада даярдалган кандидаттык диссертациясы толугу менен окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигинин талаптарынын алкагында аткарылган. Жалпы билим берүүчү мекемелерде таалим-тарбия иштерин улуттук маданий жана адабий баалуулуктарды жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруу менен

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 33 «15» 09 2023 ж/г

жүргүзүү талабына абалтан артыкчылыктуу маани берилип келет. Бул баарынан мурда, илимий, педагогикалык коомчулуктун жана тиешелүү мамлекеттик кызматтардын билим берүүнүн мазмунун гана эмес, республиканын бүткүл билим берүү мейкиндигинде өсүп келе жаткан муунга руханий билим берүүгө учурдагы каражаттарын жана ыкмаларын терең карап чыгуу зарылдыгын шарттайт. Мектеп жашына чейинки балдардын эмоционалдык, эрктик жана руханий жактан жетиле электигин эске алганда балдар адабиятындагы көркөм чыгармаларды балдар бакчасында (мектепке чейинки курактагы балдарга жаш өзгөчөлүгүнө карата) колдонуунун мааниси, инсанды калыптандырып, руханий таалим-тарбия берүүдөгү орду менен ролу канчалык экендиги айкындалат. Улуттук жана адамзаттык руханий асыл баалуулуктардын  башаты да, бай казынасы да көркөм адабиятта (балдар адабиятында), анын ичинде элдик оозеки чыгармаларда экендиги чын. Ошондуктан жалпы коомчулуктун көңүлүн бура турган негизги көйгөлөрдүн бири.

Ушул багытта Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун 2021-жылдын 29-декабрындагы «Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлык чыгарып, жаштарды улуттук асыл нарктар менен тарбиялоого өзгөчө басым жасады.

Диссертациялык изилдөө толук багытта, балдар адабиятын, андагы балдар фольклорунун жанрдык теги, анын ички тармактанган түрлөрүн окутуу жана түрдүү методдор менен пайдалануу маанилүү экендиги көрсөтүлгөн. Ошондуктан балдар адабиятын теориялык жактан талдоо, методикалык жактан бирдиктүү бир системадагы дидактикалык шарттарын түзүп алуу зарылчылыгы турат жана балдар чыгармаларын заманбап технологияларга ылайык окутуу методикасын иштеп чыгуу муктаждыгы, алдыңкы педагогикалык иш-тажрыйбалардын жалпылаштыруу, инсанга багытталган окутуу зарылдыгы изилдөөнүн актуалдуулугун аныктап Асаналиева М.М. тарабынан даярдалган диссертациялык иш Д.13.23.673 Диссертациялык кеңештин адистик профилине туура келет.

**2.Изденүүчүнүн жекече салымы.**Изилдөөнүн темасына байланыштуу илимий-теориялык, илимий-методикалык эмгектер, практикалык тажрыйбалар изденүүчү тарабынан өз алдынча окуп-үйрөнүлүп, педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун методдорун, каражаттарын, формаларын жана ыкмаларынын натыйжалуулугун аныктоо; балдар адабиятындагы чыгармаларды окутуунун технологияларын талдап, алар боюнча аткарылуучу иш-аракеттер жекече жүргүзүлгөн. Иштелип чыккан технологияларды педагогикалык эксперименттик текшерүүлөрдөн өткөрүү, алынган натыйжалардын негизинде зарыл толуктоолорду киргизүү изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылган.

Диссертациянын ички мазмуну 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча илимий адистиктин багытына толугу менен туура келет. Белгиленген гипотезаны текшерүү, изилдөөнун максатын, милдеттерин ишке ашыруу илимий-методикалык адабий булактарга таянуу менен жүргүзүлгөн, изилдөөдөө колдонулган илимий ыкмалар, натыйжалуулук деңгээлин аныктоочу эксперименталдык ишти жүргүзүү баскычтары, алынган жыйынтыктарын иликтөө жана талдоо методикалары изденүүчү тарабынан жетиштүү ачыкталып берилген.

**3. Изилдөөнүн натыйжаларынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүк даражасы, изденүүчүнүн диссертациясында жазылган тыянактары жана корутундулары.** Диссертацияда коюлган милдеттер талданып, чечилген. Бул милдеттердин чечилиши диссертациялык иште ырааттуу удаалаштыкта жана логикалык байланышта көрсөтүлгөн. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, изилдөөнүн негизги жыйынтыктарынан, изилдөөдө колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин түзүлүшү илимий изилдөөнүн логикасына туура келип, коюлган максаттын жана иликтөөнүн тапшырмаларын толук аныктайт.

Тыянактар негиздүү жана изилдөөнүн натыйжаларынан келип чыгат,

коюлган милдеттерге жооп берет. Жыйынтыктар педагогикалык калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыгы менен тастыкталган.

Диссертациялык изилдөөнүн биринчи бабы **«Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын колдонуунун теориялык-методологиялык маселелери жана проблеманын изилдениши»** деп аталып, балдар адабиятын, андагы балдар фольклорунун жанрдык теги, анын ички тармактанган түрлөрүн окутуу жана түрдүү методдор менен пайдалануу маанилүү экендигине токтолдук. Кыргыз балдар адабияты жана анын теориядагы (адабият таануудагы), окутуу методикасындагы изилденишинин деңгээли (абалы) каралып, мында балдар адабиятына карата адабий-теориялык анализ жүргүзгөн адабиятчы-окумуштуулардын, балдар адабиятынын өкүлдөрүнүн (акын-жазуучулардын) жарыяланган эмгектерине карата ойлорубузду айттык. Буга удаа балдар адабиятынын чыгармаларынын окутуу методикасындагы изилдениши кошо каралган.

Диссертациялык иштин экинчибабы**«Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын пайдалануу боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»**деп аталып, мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар чыгармаларын колдонуу боюнча илимий изилдөө ишинин максатын жана аны ишке ашырууга карата коюлган милдеттерди ачык, так жана натыйжалуу ишке ашыруу үчүн изилдөөнүн обьектиси жана предмети аныкталган.

**Диссертациялык иштин «Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятын колдонуунун формалары, методдору жана технологиялары»**деп аталган үчүнчү бапта,балдар адабиятындагы көркөм (ар кандай жанрлардагы) чыгармаларды окутуунун формалары менен методдору тууралуу кенен сөз болду. Балдарды көркөм адабият менен тааныштыруу тарбиячылар менен ата-энелердин аракети бириккенде эң жакшы натыйжа бере тургандыгын баса белгилеп, балада окурманды тарбиялоо үчүн чоң адам өзү китепке кызыгып, анын адамдын жашоосундагы ролун түшүнүшү керек экендигин, ымыркай үчүн маанилүү

болгон китептерди билиши, балдар адабиятындагы акыркы жаңылыктарды ээрчип алышы керектигине токтолдук. Көркөм адабият менен тааныштыруу боюнча ата-энелер менен натыйжалуу иштөө үчүн түрдүү формалары сунушталган.

**4. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу.** Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуунун илимий-методикалык негиздеринин толукталуусу; мындагы дидактикалык шарттардын, изилдөө методдорунун такталышында; балдар адабиятындагы чыгармаларды окутуунун технологияларынын ишке ашырылуусу; руханий баалуулуктардын семантикалык мазмунун акырындык менен өздөштүрүү процессинде мектепке чейинки балдардын руханий жактан өсүшүндө балдар адабиятындагы чыгармаларды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуунун илимий-дидактикалык шарттарынын аныкталуусунда.

Аткарылган иштин жоболору, изилдөөнүн натыйжалары бир катар басылмаларда 17 илимий-методикалык эмгектерде чагылдырылган жана конференцияларда талкууга алынып, жарыяланган. Алар диссертациялык иштин негизги мазмунун толук ачып бере алат.

**5. Изилдөөдө алынган натыйжалардын практикалык мааниси.**Мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия жана билим берүүдө балдар чыгармаларынын окуу программалары менен окуу китептериндеги берилиши анализденип, балдар адабиятындагы конкреттүү чыгармаларды окутуунун заманбап технологиялары иштелип чыгып, практикада колдонууга сунуш кылынган. Изденүүчүнүн бул аракети мектепке чейинки курактагы балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятындагы чыгармаларды колдонуу багытындагы кийинки изилдөө иштерине өз салымын кошот деген ойдобуз.

Изилдөөнүн натыйжасында түзүлгөн жоболордун, корутундулардын жана сунуштардын ишенимдүүлүгү жана негиздүүлүгү илимий база менен, анын ичинде изилдөө методдорунун бүтүндөй комплексин колдонуу менен камсыз кылынган; мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги иштин

жыйынтыктары узак мөөнөттүү апробацияланган; көп жылдык эксперименталдык иштерди уюштурууга жана ишке ашырууга катышкан тарбиячылардын тажрыйбасы кенен пайдаланылган.

**Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келиши.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, жалпы корутундудан жана практикалык сунуштардан турат. Жалпы көлөмү 196 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси 183, таблицалар - 10, сүрөттөр - 4, тиркемелер - 4. Авторефераттын көлөмү резюмелерди кошпогондо белгиленген талаптан ашкан эмес. Автореферат диссертациянын мазмунун толук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши бап боюнча так көрсөтүлгөн.

Жалпысынан изилдөө ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо айрым мүчүлүштүктөр да байкалды, алар:

1. Мектепке чейинки курактагы балага балдар адабиятын колдонууга карата заманбап технология, методикаларды диссертациялык иште көбүрөөк берүү;
2. Мектепке чейинки билим берүүгө карата окутуу программасы жөнүндө диссертацияда маалымат берилсе;
3. Учурда балдар адабиятын бала бакчаларда колдонуунун санариптик негизде айкалыштыруу жагы каралса.
4. Диссертациянын текстинде грамматикалык, техникалык каталар кездешет.

Бирок, бул белгиленген мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин илимий баалуулугуна жана илимий-практикалык маанилүүлүгүнө таасирин тийгизбейт.

Асаналиева Мээргүл Максуталиевнанын «Мектепке чейинки балдарга руханий тарбия берүүдө балдар адабиятынын материалдарын колдонуунун илимий-дидактикалык шарттары» деген темадагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Асаналиева Мээргүл Максуталиевнанын 13.00.02 - окутуунун

боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир А.Ж. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2023-жылдын 12-сентябрында (№1 протоколунан көчүрмө) талкууланып бекитилди.

**Катышкандар:**

1. Зулуев Б.Б. – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01);
2. Сакиева С.С.– педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
3. Саттараова А.Т.– педагогика илимдеринин доктору, доцент (13.00.02);
4. Касымбеков Э.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
5. Даминова И. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
6. Абдывасиева З. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
7. Миңбаева К.В. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
8. Рахматуллаева Д.Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
9. Абдуллахамидова Б.Н.–педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
10. Умарова Р.Н. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
11. Шербаева Ж.Р. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
12. Акматова Ч.А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);

Отурумдун төрагасы, педагогика
илимдеринин кандидаты, доцент: Э.А. Касымбеков

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Э.А. Касымбековдун колун тастыктаймын.
А.Ж. Мырсабеков атындагы ОшМПУнун окумуштуу катчысы Ж. Жумаева

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.23.673
15.09.2023
уч. секр

И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ